# КЕТ БУКАНЫН ЫРЫ

Сөзү: Шайлообек Дүйшеевдики
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2011-жыл

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат сак болгун.
Көсөмдөрүң элди алдап,
Көч бузулат сак болгун.

Өзөгүңө өрт таштап,
Өз бузулат сак болгун.
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат сак болгун.

Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат сак болгун.
Намыс түгөп, ар түгөп,
Нарк бузулат сак болгун.

Кара тили калп минип,
Карт бузулат сак болгун.
Калыс сөзүн айталбай,
Калк бузулат сак болгун.

Кызыл тоону кыян жууп,
Кырман качат сак болгун.
Кыз-уулуң дүйнө кууп,
Кырдан качат сак болгун.

Кырды-түздү жат элге,
Кыйган качат сак болгун.
Кылгылыкты кыргызга,
Кылган качат сак болгун.

Тулпар тоону кыян жууп,
Тул болосуң сак болгон.
Кудагыйсыз-кудасыз,
Кун болосуң сак болгун.

Кубат күчүн соодалап,
Пул болосуң сак болгун.
Кудуреттүү элдерге,
Кул болосуң сак болгун.